Текшерилди: 11. 11. 2020

№75 мектеп – лицейи.        Кыргыз тили        2-“А” класс.

Мугалим: Абакирова  Нуржан  Бакыридиновна

**Сабактын темасы**: Жылкы сүйөт баласын.

**Грамматикалык тема**: Илик жөндөмө + 3 жактын мүчөсү  -нын, -дын, -тын.

| **Сабактын максаттары:** | **Күтүлүүчү натыйжалары:** |
|---|---|
| **Тилдик:** Тема боюнча жаңы лексиканы өздөштүрүшөт. Сөздөргө –нын, -тын, -дын мүчөлөрдү туура улап, сүйлөөгө жана жазууга көнүгүшөт. Таандык байланышты оозеки жана жазуу речинде колдоно алат. | Жаңы лексиканын маанисин түшүнүшсө; Алар менен сүйлөм түзө алышса: –нын, -тын, -дын мүчөлөрдү туура улаганды үйрөнсө. Туура улап жаза алышса. |
| **Кептик:** Окуган текстти боюнча суроолорго жооп бере алышат. Кеп үлгүлөрү менен туура сүйлөөгө үйрөнүшөт. Кырдаал боюнча тапшырмаларды аткарышат. Окуу, угуу, жазуу жана сүйлөө көнүмдөрү өнүгө берет. | Текстти окуп маанисин түшүнө алышса. Текст боюнча суроолорго жооп бере алышса. Кеп үлгүлөр менен туура сүйлөй алышса. Кырдаал боюнча тапшырмаларды аткара алышса. |
| **Социо-маданий:** Жан – жаныбарлардын балдарын таанып билип, аларга аяр мамиле жасайт. | Жан- жаныбарлардын сактоо керектигин түшүнүшсө. Үй жаныбарларына жакшы мамиле кылуу. |

**Сабактын методу**: Коммуникативдик метод

**Сабактын формасы:** аралаш сабак

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, түстүү сүрөттөр, кеп үлгүлөрү, тексттер

**Сабактын жүрүшү:**

| **Мугалимдин ишмердүүлүгү. Окутуучу жана өнүктүрүүчү компоненттери, тапшырмалар жана көнүүгүлөр** | **Окуучулардын ишмердүүлүгү. Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун жана аткаруунун формалары.** |
|---|---|
| 1. Сабактын киришүү бөлүгү. А) Окуу иштерин мотивдештирүү. (2 мүнөт) | |
| Саламдашуу адеби. Кырдаалдык көнүгүү. ( 1 мүнөт)<br>1. Саламатсыңарбы?<br>2. Бири-бирине жакшы маанай тартуулагыла | Окуучулар бири-бирине жылмайышып, маанай тартуулашат. |
| Окуучуларды жоктоо.<br>Физ минутка:<br>Кана, балдар сабакка даярбызбы? | Ооба |
| Колдорубуз | Партада |
| Буттарыбыз | Астында |
| Даярбызбы? | Албетте |
| Китеп кана? | Жанымда |
| Дептер барбы? | Алдымда |
| Үй тапшырма | Аткардык |
| Биз билимге | Аттандык |

**Өтүлгөн тема боюнча кайталоо**

**Суроолорго жооп беришет**

1. Үй жаныбарлары кайсылар?
2. Алардын эмне пайдасы бар?
3. Уй, кой, эчки адамдарга эмне берет?
4. Ит эмне кылат?
5. Үй жаныбарлары жөнүндө ыр айтып бергиле.

## Жаңы теманы божомолдоо

| | |
|---|---|
| Балдар, үй жаныбарларына кайсы жаныбарлар кирет? | -Жылкы, уй, эчки, кой, чочко,ит,мышык, тоок, өрдөк. |
| -Ал жаныбарларды силер көрдүңөр беле? | -Көргөн жерлерди айтышат. |
| -Кайдан көрдүңөр эле? | -Айылдан, короодон. |

## Сабактын темасын жана максаттарын билдирүү

Демек, биз бүгүн балдар “Жылкы сүйөт баласын” – деген темада сүйлөшөбүз. Грамматикалык темабыз: -нын+сы, -нин, -дын+ы, -дин, -тын+ы мүчөлөрү.

Сабактын максаты: Жаңы сөздөрдү өздөштүрөбүз, -нын мүчөлөрүн туура улоого үйрөнөбүз, кептик үлгүлөрү менен туура сүйлөөгө үйрөнөбүз. Ырды көркөм окуйбуз. Сүрөт боюнча иштейбиз. Канатуулар менен жаныбарлардын баласын айырмалап, алардын түгөйүн табабыз.

**Сабактын негизги бөлүгү**

**Жаңы лексика менен тааныштыруу:**

**Бээ баласы- кулун**

**Уй баласы- музоо**

**Улак**

**Торопой**

**Күчүк**

**Балапан**

Балдар, азыр биз силер менен сөздүк жат жазуу жазабыз:

Он, оң, мин, миң, тан, таң.

Балдар, азыр биз эки топко бөлүнөбүз үй жаныбарлары менен үй канаттуулары болуп жарышабыз.

1) Бул ат, музоо, кой........
2) Бул өрдөк, тоок, каз........

Азыр, балдар биз сүрөт боюнча жаныбарлар менен канаттуулардын баласын, балапанын көрсөтүп, хор менен кайталайбыз.

2-көнүгүү боюнча “Ким сабаттуу?” оюну. Таандык байланыштыгы сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратабыз.

Сөз үндүү тамга менен аяктаса, үнсүз тамга менен башталган мүчө уланат:
жылкы+**нын** бала+**сы**

Сөз жумшак үнсүз менен аяктаса, жумшак үнсүз менен башталган мүчө уланат:

Кулун+**дун** көзү

Балдар, азыр 3-көнүгүүнү иштейбиз. Сөздөргө мүчөлөрдү улап жазгыла.

## Өтүлгөн материалдарды бышыктоо

**Биз эмнени үйрөндүк:**

- Жаныбарлардын жана канаттуулардын балдарын билип алдык.
- Жаныбарлардын балдары жөнүндөда кызыктуу ыр окуп, алардыда билип алдык.

## Баалоо. Упайдын жыйынтыгын чыгаруу

1. Кырдаалдык тапшырмага 1 же 2 же 3 упай
2. Топтордун жактоосуна 1 же 2же 3упай
3. Жазуу ишине 1 же 2 же 3 упай

Эң жакшы жооп берсе -3 упай

Жакшы жооп берсе – 2 упай

Орто жооп берсе – 1 упай берилет

**Үйгө тапшырма: 83-бет, 4-көнүгүү. Ырды көркөм окугула.**